жоопкерчиликти ата-энеге жүктөө керек. Мисалы онлайн учурунда балдар ата-энеси, туугандары менен болду.

2. **РИИБ Кулболдиев Тынчтыкбек**: Өкмөттө жаны мыйзам иштелүүдө, ишине кирсе ата энеге айып пул салуу каралууда. Мисалы балдар мушташка түшсө, кыз- баласы эрте турмуш курса ата-энесине милдеттендирилет.

**3. Атыгаев Т.А.:** Билим берүү, тарбия берүү мектептин мойнунда, өспүрүм балдар кылмыш кылса же жаман жолго барса мектеп, класс жетекчи күнөлүү.

**АБББ Кенжебаева Лена**: Ушул тегерек стол атайын алдын алуу үчүн уюшулган. 2021-2022-окуу жылында дин таануу сабагы киргени жатат. Муга кадимки эле мугалимдер сабак берет. Суицид баланын алсыздыгынан келип чыгат. Билим Берүү Министрлигинде жаңы окуу жылынан тарта тарбия иштерин жолго салуу каралууда.

**Окуучу Алымов Эржан 11-класс**: Бири –бирибизди сыйлоо керек. Азыркы учурда улууну урматтоо жоголуп баратат.

**Дюшебаева Э**: Ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышта болуу керек. Баланын проблемасын чогуу карап, чечүүго болот. Эки жактан колдоо болсо эмнеге алдын алууга болбойт. Азыркы учурда мечитке кеттим деп чыгып кетип калган балдар канча, алар кайда барганын билбейбиз. Кечки 8 00дон баштап көчөгө баланы чыгарууга болбойт.

**Ата-эне Арыкова Майраш:** Интернетти чектоого койсо көйгөй чечилет. Телефон өспүрүмдүн психологиясын бузат деп ойлойм. Көргөн нерсесин турмушта колдонуп көрүүгө аракет кылат, уйкусу начарлайт, эч нерсеге кызыгы жок, телефон менен эле жашап калышат.

**Окуучу 9-класс Кубатов Айдос:** Баланы телефондон ажыратуу үчүн кружокторго баруу керек. Мисалы бизде күрөш эле бар, кээ бири шахмат ойногусу келсе, кээ бири ыр бий.

Жогорудагы маселелерди талдап, талкуулап төмөндөгүдөй чечим кабыл алынсын.

**Чечим:**

1. Мектеп ,ата-эне жана коомчулук менен бирдикте алдын алуу иштерин узгултуксуз алып баруу.

2.Соц педагог, класс жетекчилер, Жаш өспүрүмдөр менен иш алып баруу инспектору (ИДН)менен бирдикте көзөмөлдөө.

Мектеп директору: Атыгаев Т.А.